2. Лалаевой.— М.: Гуманитар, изд. центр ВЛАДОС, 2006.: ил.— (Коррекционная педагогика).
3. Лурия А.Р. Язык и сознание/ Под ред. Е.Д.Хомской. – М.: Изд-во Московского университета, 1979.
4. Преодоление общего недоразвития речи у дошкольников. Учебно-методическое пособие / Под общ. ред. Т.В. Волосовец. — М.: В.Секачев, 2007.
5. Тишина Л.А., Толпегина А.С. Формирование навыков краткого пересказа у младших школьников с тяжелыми нарушениями речи//Школьный логопед. – 2010г.
6. Ушакова О.С. Развитие речи дошкольников. — М.: Изд-во Института Психотерапии, 2001.

УДК:376
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-228-231

**Сабырбекова Н., Байтикова Т. А.**
К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун педагогика багытынын магистранты
К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун доценти, ф.и.к.
**Сабырбекова Н., Байтикова Т. А.**
Магистрант напраления педагогика ИГУ им. К. Тыныстанова.
к.ф.н., доцент ИГУ им. К. Тыныстанова
**Sabirbekova N., Baitikova T.A.**
undergraduate in the field of Pedagogy ISU named after K. Tynystanov
Ph.D., associate professor of ISU named after K. Tynystanov

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН МУГАЛИМДЕРИНИН ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНА КИРҮҮГӨ ДАЯРДЫК ДЕҢГЭЭЛДЕРИН АНЫКТОО

# ОПРЕДЕЛЕНИЕ УРОВНЯ ГОТОВНОСТИ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ ВХОДА В СИСТЕМУ ИНКЛЮЗИВНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

# DETERMINATION OF THE LEVEL OF READINESS OF PRIMARY SCHOOL TEACHERS TO ENTER THE SYSTEM OF INCLUSIVE EDUCATION

**Аннотация:** макалада башталгыч мектептин мугалимдеринин инклюзивдик билим берүү системасына кирүүгө карата даярдыгынын деңгээлдери аныкталды.

**Аннотация:** В статье определен уровень готовности учителей начальных классов войти в систему инклюзивного образования

**Annotation:** The article defines the level of readiness of primary school teachers to enter the system of inclusive education.

**Негизги сөздөр:** инклюзивдик билим берүү, даярдык, педагогикалык ишмердүүлүк, кесипкөйлүк, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, педагогикалык коомчулук.

**Ключевые слова:** инклюзивное образование, готовность, педагогическая деятельность, профессионализм, дети с ограниченными возможностями, педагогическое сообщество

**Key words:** inclusive education, readiness, pedagogical activity, professionalism, children with limited opportunities, pedagogical community


Билим берүү системасынын максаты жана маңызы да социалдык-экономикалык абал менен шартталып, өнүккөн өлкөлөрдүн алдынкы тажрыйбалары ал шарттын бардык инсандарга бирдейлигин далилдөөдө. Педагогикалык концепциялардын ар түрдүүлүгү билим алуунун заманбап шартында ар бир инсандын билим-тарбия алуу талаптарына альтернативдүү жолдордун көрсөткүчү болуп келет. Учурда билим берүү концепциясынын негизинде инклюзивдик билим берүүнүн да орду чоң десек болот. Инклюзивдик билим берүү коомду гуманизациялоонун негизги шарты катарында өлкөдө кеңири жайылтылууда. Ар бир бала жынысына, этникалык өзгөчөлүгүнө, динине, ден-соолугунун абалына,

психикалык жана физикалык өнүгүү деңгээлине, кайсы социалдык топтун мүчөсү экендигине, ата-энесинин социалдык-экономикалык статусунун деңгээлине жана башка айырмачылыктарына карабастан билим алууга укуктуу.

Жалпы билим берүү мекемелеринде педагогикалык процесстин кыймылдаткыч күчү – бул педагогдун ишмердүүлүгү. Педагогдун кесиби ары татаал, ары кызыктуу, биринчиден ал баланы сүйө билүүсү, экинчиден анын кесипкөйлүгү маанилүү. Ал эми инклюзивдик билим берүүнүн шартында кесипкөй педагогдун ролу өтө чоң. Педагог жана педагогикалык процесс гумандуулук жана чыгармачыл мүнөздү алып жүрүшү керек. Өзгөчө инклюзивдик билим берүүнүн шартында, педагогикалык процесстин бурулуш учурунда мугалим базалык материал менен тааныш жана билими жетиштүү болуп, аяр категориядагы балдардын онтогенетикалык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн билүү менен өзү психологиялык жактан даяр болушу талап кылынат.

Инклюзивдик билим берүү – жетишерлик ийкемдүү система. Ошондуктан аталган категориядагы балдар менен иштей турган мугалимдер өзгөчө спецификалык жөндөмдү калыптандыруу зарылдыгы бар. Бул багытта педагог инклюзивдик билим берүү системасында негизги звено болуп саналат. Биздин максатыбыз Ысык-Көл областынын Каракол шаарынын айрым мектептеринде педагогдордун инклюзивдик билим берүү системасына кирүү деңгээлин аныктоо болду. Төмөндө Б.Эйнсконун сурамжылоосунун негизинде жана педагогикалык коомчулуктун даярдык деңгээлин аныктоого аракеттер жасалды. (Мугалимдердин инклюзивдик билим берүү чөйрөсүн түзүүгө болгон даярдыгы тууралуу өзүнө-өзү баа берүү анкетасы колдонулду).

Сурамжылоого Ысык-Көл областынын Каракол шаарынын №1 инновациялык мектеп-гимназиясынан 8, №2 мектеп-гимназиясынан 8, №5 жалпы орто билим берүү мектебинен 8, №11 мектеп-гимназиясынан 8, №15 жалпы орто билим берүү мектебинен 8, жалпы 40 мугалим катышты.




Сурамжылоо педагогдордун мотивациялык-инсандык, когнитивдик жана социалдык-укуктук компонентинин деңгээлдерин аныктоону камтыган суроолордон түзүлгөн. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөөдөгү тажрыйбаларынын негизинде суроолорго жооп беришти.

Каракол шаарынын аталган мектептеринин башталгыч класстардын мугалимдеринин майып балдар менен иштөөнүн социалдык жактан маанилүүлүгүн түшүнүү деңгээлдери, алардын ордуна өзүн коюп көрүү сезимдери (эмпатия), өздөрүнүн бул багытта квалификациясын жогорулатууга болгон аракеттери, инновациялык процесстерге аралашуусу, оптимисттик көз караштар, өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүнө чыгармачылык менен мамиле кылуусу алардын инсандык-мотивациялык даярдыгынын деңгээлин көрсөтө алды. Ал эми когнитивдик компонентти аныктоодо ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуунун атайын шарттарын, атайын педагогиканын негизги категорияларын, психодиагностиканын негиздерин, балдардын өнүгүүсүндөгү негизги бузулууларды, өнүгүүгө таасир этүүчү ар кандай факторлорду (этиопатогенетикалык, социалдык, биологиялык), предметтерди окутуунун атайын методикаларын билүүнүн жыйынтыгы төмөнкү пайыздык көрсөткүчтү берди. Ошентсе да,

алар педагогикалык процессте зарыл болгон билгичтиктерге ээ экендиктерин көрсөтө алышты. Мисалы, аяр категориядагы балдардын иш-аракеттерине системалуу байкоо жүргүзүү менен толеранттуу мамиле жасоо, окутууда жана тарбиялоодо балдарды коргоо тартибин сактоо, аларга дайыма колдоо көрсөтүү менен иш алып баруусу аныкталды.

Педагогдордун социалдык-укуктук компоненттеринин даярдык деңгээлин аныктоодо балдар менен иштөөдөгү тажрыйбалары менен бөлүштү. Бул багытта да педагогдор инклюзивдик билим берүү процесси тууралуу эл аралык документтер, мыйзамдардын жана укуктардын системалык негиздери менен көпчүлүк мугалимдер тааныш эместиги байкалды. Анткени, айрым мектептерде (мисалы, №5 мектеп) окутуу шарттарынын жоктугуна байланыштуу ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар мектепке тартылбагандыгынан улам түшүндүрмө беришти.

Мектептер боюнча ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөө үчүн педагогдордун даярдык компоненттери боюнча жогорку деңгээл 64%ды түздү. Мектептер боюнча анализ жүргүзүүнүн жыйынтыгында №11 мектеп-гимназиянын педагогдору инсандык жактан, дегеле ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын укуктары тууралуу талапка жооп берерлик деңгээлде билимге ээ экендиктерин билдиришти.

Ал эми орточо деңгээл 32%ды түздү. Бул көрсөткүч боюнча жооп берген педагогдор окутуунун методикасын, баланы баалай билүүдөгү кыйынчылыктарга токтолушту.

Педагогдордун 4%ы аяр категориядагы балдар менен иштөө үчүн психологиялык жактан да, кесипкөйлүк жактан да даяр эмес экендиктерин билдиришти. Жогорудагы жыйынтыктарды айрым педагогдордун берген маалыматтары менен тастыктоого болот. Мисалы, Каракол шаарындагы №15 мектептин директору Т.Темирбеков буларга токтолду: «Мектепте жалпы ар кандай бузулуулары бар 16 бала, алардын ичинен майыптуулугу бар 3 бала окуйт. Бул категориядагы балдар класстарда дени сак балдар менен чогу эле окуп жатышат. Бирок жеңилдетилген программа түзүлүп, мугалимдер аларга сүрөт аркылуу, же оюн түрүндө көрсөтүп түшүндүрүү менен иш алып барышат. Бүгүнкү күндө 2 мугалимибиз инклюзивдик билим берүү процессине тартылган. Жалпы мугалимдердин бул багытта квалификациясын жогорулатуу боюнча маселелер бар, анткени, коомдун талабына ылайык инклюзивдик билим берүүнүн мыйзамдары, эл аралык документтер менен таанышып, окутуунун методикаларын өздөштүрүү зарылчылыгы бар. Тилекке каршы, мектептерде кесипкөй педагог, психолог, дефектолог, тьютор, медициналык кызматкердин жоктугу көйгө жаратып келет».

Каракол шаарындагы №15 жалпы орто билим берүү мектебинин мугалими Н.Касиетова төмөнкүлөргө токтолду: «Менин жалпы эмгек стажым -20 жыл, ал эми ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен 3 жылдан бери иштеп келе жатам. Инклюзивдик билим берүүнү дискриминация менен күрөшүүгө, башкалардан айырмалануу коркунучун жоюуга болгон аракеттер системасы деп түшүнөм. Ошондо гана балдар арасында боорукерлик, теңдик, адилеттүүлүк, биримдик сезим пайда болот да, аны ишке ашырууга балдар өздөрү бизге жардамга келишет. Бул балдардын жан дүйнөсү өтө назик келип, ар бири өзгөчө мамилени талап кылат, «жазгын, окугун»-деп кыйнай албайбыз, биздин негизги максатыбыз, аларды мектеп чөйрөсүнө аралаштырып, коомчулукка кошуу болуп саналат, ага карабастан мектептерде шарттын жоктугунан көпчүлүк ата-эне балдарын дистанттык окутуу формасын тандашып, коомдон балдарын алыстатууга туура келип жатат. Мектепте шартка карап эле эч иш-аракетсиз отуруп алуу туура эмес, биз аяр категориядагы балдардын ийгиликтерин колдоо, мүмкүнчүлүктөрүн ачууга шарт түзүүгө, социалдык кызматтардын ийкемдүүлүгүн камсыз кылууга, балдардын социумда ыңгайлуу жашоосуна карата аракеттер жүрүп жатат. Мисалы, ийкемдүү жеңилдетилген программа менен окутуу, ар бир баланын психофизиологиялык деңгээлине жараша ар бирине жекече педагогикалык мамиле жасоо иш-аракеттерин айтууга болот».

Ысык-Көл областынын Каракол шаарынын билим берүү мекемелеринде инклюзивдик билим берүү тажрыйбасы менен байланышкан атайын мониторинг К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин “Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана

методикасы” адистигинде окуп жаткан магистранттардын жана студенттердин социалдык изилдөөсү алгач ирет жүргүзүлдү. Социалдык изилдөөдө инклюзивдик билим берүүнү жалпы билим берүү системасына киргизүү боюнча коомчулуктун маалыматтуулугун анализдөө максаты коюлган. Магистранттар жана студенттер изилдөө учурунда өз активдүүлүктү көрсөтө алдык.

Педагогдор коомчулугунун учурда инклюзивдик билим берүүнү системага киргизүүгө даярдыгынын көрсөткүчтөрү аныкталды. Аяр категориядагы балдардын көбүрөөк саны жалпы билим берүү системасына тартылган мектептерде (№1, №2, №15) педагогдордун даярдыгы жакшы көрсөткүчтөрдү берди. Бирок бардыгы эле оң жактуу көз караштa, же психологиялык жана кесипкөйлүк жактан толук даяр деп белгилөөгө болбойт. Анткени, азыркы коомдун ааламдашуу шартында инклюзивдик билим берүү системасы алдынкы планга чыкканына карабастан өлкөбүздө, аны ичинде региондордо процесске педагогикалык коомчулук толугу менен даяр эместиги белгилүү болду.

Студенттер менен бирдикте социалдык изилдөөнүн жыйынтыгында педагогдордун даярдык деңгээлдеринин төмөнкүдөй проблемаларын белгиледик:

- Педагогдордун психологиялык жана кесипкөйлүк жактан тажрыйбасынын жокко эселиги, натыйжада ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын индивидуалдуу керектөөлөрү канааттандырылбай калып жаткандыгы;
- Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштеп жаткан педагогдордун квалификациясын жогорулатуу максатында инклюзивдик билим берүүнү жалпы билим берүүгө киргизүү максатында курстарды уюштуруу зарылдыгы;
- Кыргыз Республикасында негизги билим берүү программасынын алкагында билим берүү системасын реформалоо жана билим берүү программасында ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ар тараптуулугун, керектөөлөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен бирдей үлгүдө индивидуалдуу окуу планын иштеп чыгуу зарылдыгы;
- Коомдук аң-сезимге инклюзивдик ориентациянын алкагында инклюзивдик билим берүүнүн зарылдыгын, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар да башка адамдар сыяктуу окууга укуктуу экендигин жеткирүү, үзгүлтүксүз жайылтуу иштерин жүргүзүү.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөнүн жыйынтыгында магистранттардын жана студенттердин базалык изилдөө көндүмдөрүн калыптандырууга болгон илимий-изилдөө иштери ийгиликтүү ишке ашырылып, инклюзивдик мамилени калыптандыруу үчүн педагогдордун психологиялык жана кесипкөйлүк жактан даярдык деңгээлине мониторинг жүргүзүлүп, жыйынтыгын анализденди. Аталган иштер менен эле изилдөөлөр жыйынтыкталды деп айтуудан алыспыз, анткени, биз 5 мектептин педагогдоруна мониторинг жүргүзүү менен гана чектелдик, коомчулукка инклюзивдик билим берүүнү жайылтуу шартында мындай иштерди системалуу жүргүзүү баарыбыздын атуулдук милдетибиз деп билебиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Инклюзивдик билим берүү. Программалык-усулдук комплекс. Бишкек.: 2015-ж.
2. Инклюзиянын деңгээлин мониторинг жүргүзүү куралы. Сорос-Кыргызстан.КР-2020-ж.
3. Инклюзивное образование: результат, опыт и перспективы // Сборник материалов III Международной научно-практической конференции // Под ред. Алехиной С.В. – М.: МГППУ, 2015. – 528 с.
4. Социально-педагогическое сопровождение детей с ограниченными возможностями здоровья. Под.ред. Л.В.Мардахаева, Е.А.Орловой. учебник для академического бакалавриата. М.: 2019г, 210-стр.